**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, А Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык—саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңештин эксперти изденүүчү Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» деген темадагы 22.00.04-социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясына**

## КОРУТУНДУ

Эксперттик комиссиянын мүчөсү: социология илимдеринин доктору, доцент Н.Меңдибаев, изденүүчү Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги социологиялык өңүттө» деген темадагы 22.00.04-социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын (илимий жетекчи: философия илимдеринин доктору, профессор К.Исаев) карап чыгып, төмөндөгүдөй корутундуга келди:

**1.Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**.

Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги социологиялык өңүттө» деген темадагы кандидатык диссертациясы Д.23.20.611 Диссертациялык кеңештин профилине толук туура келет. Бул диссертациялык иште кыргыз мамлекетин куруута, этностор аралык ынтымакты чыңдоого өбөлгө болуучу жарандык идентүүлүктүн маани-маңызын, алардын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо каралып, диссертациялык иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**2. Иштин максаты катары** туруктуу кыргыз мамлекетин куруута, этностор аралык ынтымакты чыңдоого өбөлгө болуучу жарандык идентүүлүктүн маани-маңызын, абалын Кыргызстандагы негизги этностук топтордун мисалында илимий талдоо жана этностук айырмачылыктарын, алардын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо каралып коюлган максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөндөгүдөй милдеттер аныкталган:

- иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрүн социалдык билимдердин алкагында каралышын талдоо;
- жарандык иденттүүлүк маселеси, анын теориялык негиздери чет элдик жана кыргызстандык адабияттардын алкагында карап чыгуу жана талдоо;



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № ДИ-129-20
«23» 12 2021 ж

▪өткөөл мезгилдеги жарандык иденттүүлүктүн социалдык-демографиялык топтордогу абалын, калыптануу өзгөчөлүктөрүн иликтөө;

▪азаттык мезгилииндеги коомдогу кыргыздардын жарандык идентүүлүгүн талдоо;

▪ өзгөрүлүп жаткан коомдо кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүндөгү этностук өңүттөрүн талдоо;

▪кыргыз коомундагы жарандык иденттүүлүктүн абалынын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо;

▪Кыргыз жараны иденттүүлүгүн калыптандырууга багытталган теориялык жана практикалык корутундуларды, сунуштарды иштеп чыгуу.

Бул иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Сунушталган диссертациянын темасы «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө » актуалдуу илимий проблемага багытталып, негиздүү тандалган.

Көп улуттуу Совет өлкөсүнүн кыйрашы менен жана XXI кылымдын негизги чакырыгы болгон ааламдашуу процесси советтик иденттүүлүк менен бириккен ар бир улут үчүн өзүнүн этностук, жарандык, социомаданий ж.б. иденттүүлүктөрүн аныктоо зарылдыгын пайда кылды. Постсоветтик мейкиндикте жаңыдан пайда болгон ар бир өлкө жарандык иденттүүлүктүн өзөгүн түзгөн өзүнүн улуттук тилин, маданиятын, каада-салтын сактап калуу багытында изденип, мамлекеттик жана жарандык коом деңгээлдеринде тиешелүү иш-аракеттерди, окумуштуулар илимий изилдөөлөрдү жасап жатышат.

Азаттыкта жашоо жана аламдашуу процесстери адамдардын турмуштагы пайдубалдык баалуулуктарынын, жашоодогу максаттарынын жана бүтүндөй жашоо образынын трансформацияланышына алып келди. Мындай коомдун өнүгүү багытынын өзгөрүшү, өз кезегинде, анда «эски» жана «жаңы» түшүнүктөрүнүн карама-каршылыгын курчутту. Иденттүүлүктө да советтик иденттүүлүк эски катары жоюлуп, “Кыргыз жараны” иденттүүлүгү жаңы катары калыптана баштады.

Кыргызстан азаттыкка жетишкенинден бери 30 жылдык мезгил өттү. Өлкөбүздүн ушул түрдүү тарыхый окуяларга бай өнүгүү жолунда таасири ондогон жылдарга мамлекеттин өнүгүү векторун аныктоочу, позитивдик жана негативдик мүнөздөгү, терең социалдык-саясий, экономикалык, маданий процесстер жүрүп, алардын кээ бирлеринин аягы көрүнбөй, бүгүн да уланып жатат. Алардын бири иденттүүлүк маселеси менен байланышта, б.а. калыптануу процесси аяктай элек жарандык, улуттук ж.б. иденттүүлүктөр. А түгүл, бир эле коомдо жашагандыгына карабастан, улуу жана жаш муундун ортосунда иденттүүлүк түшүндүктөрүндө муундар аралык айырмалануу келип чыкты. Кыргызстанда улуттук идеологиянын иштелип чыкпагандыгы менен тургундардын аң-сезиминдеги жарандардын иденттешүүнүн төмөнкү

деңгээли байланышта десек жаңылышпайбыз. Жогоруда белгиленгендей, азыркы учурда совет доорунда күчтүү коммунисттик идеология, жогорку деңгээлге турган эски «советтик иденттүүлүк» бүгүнкү күндө өз күчүн жоготту. Натыйжада Кыргызстанда да, эркиндикке жеткен башка советтик республикалардагыдай, «идеологиялык вакуум» пайда болду. Мындай кабыл алынган бирдиктүү улуттук идеологиянын жоктугунан калктын, айрыкча жаштардын, арасында түрдүү иденттүүлүктөр калыптанууда. Анткени, идеологиялык боштукту ааламдашуу процессинин таасири менен кирген, элдин табиятына жат батыштык, диний жана башка түрдүү көз караштар толтурууда. Бул абал этникалык чөйрөдө мамлекеттик саясаттын эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана элдин биримдигин бекемдөө максатында 2020-жылдын ноябрь айында жаңы расмий документтин – КРда 2021-2026 жылдарда “Кыргыз жараны” жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүү Концепциясынын кабыл алынышына алып келди.

Иденттүүлүктүн деңгээли Кыргызстан сыяктуу полиэтникалык мамлекет үчүн өлкө биримдигин, мамлекеттүүлүктү сактоо маселеси менен тыгыз байланыштуу. Инсандын жарандык иденттүүлүк маселеси илимдер аралык мүнөздө болгондуктан бул темага социалдык жана гуманитардык илимдер багыттарында изденген атактуу окумуштуулар кайрылышы мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Кыргызстандын тургундарынын жарандык иденттүүлүк түшүнүгү, иденттешүүсү эски советтик иденттүүлүктөн өзгөрүп, жаңыдан “Кыргыз жараны” иденттүүлүгүнүн калыптанышы; ага таасир кылган факторлор жана шарттар, азыркы калыптанган ортолуктагы иденттүүлүк натыйжалары илимий негизде талданып, изилдениш керек. Жарандык иденттүүлүктүн көрсөткүчтөрү катары мекенчилдиктин, мамлекеттик тилдин, диндин ж.б. бүгүнкү күндөгү биздин коомубуздагы абалын аныктоо чоң мааниге ээ.

Кыргыз коомунун жарандык иденттүүлүк маселеси, анын калыптанышы, абалы жана келечеги этностук кесилиште алгачкы ирет комплекстүү каралып, терең изилденип жатышы, ошондой эле коомдогу мекенчилдик, улуттук, жарандык, тилдик, диний иденттүүлүктөр маселелеринин чечмелениши диссертациялык теманын актуалдуулугун көрсөтөт.

**3. Илимий натыйжалар.**

Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын өзүнүн диссертациялык ишинде социология илиминин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

**Натыйжа 1.** Диссертацияда Кыргызстанда жашаган негизги этностордун кыргыз жараны иденттүүлүгүнүн маани-маңызы, анын этностук, социалдык-демографиялык топтордогу айырмачылыктары, өзгөрүү тенденциялары, себептери, натыйжалары, ошондой эле кыргызстандыктардын мекенге, мекенчилдикке болгон көз карашынын багыты изилденди.

**Натыйжа 2.** Диссертацияда жарандык иденттүүлүктүн пайда болуу жана өнүгүү багыттары изилденип, кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн аныктаган компоненттер боюнча, тактап айтканда, тили, маданияты, мекенчилдик салттары боюнча социологиялык талдоо жүргүзүлдү.

**Натыйжа 3.** Диссертацияда ааламдашуу шартында кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн көрсөткөн факторлор, алардын мамлекеттүүлүктү бекемдөө, калктын биримдигин камсыздоо жана Кыргызстандын келечеги үчүн маанилүүлүгү жана керектүүлүгү кеңири изилдөөгө алынган.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)**

Диссертациянын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктар менен корутундуланган актуалдуу илимий изилдөө иш болуп саналат. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар Кыргызстанда жашаган негизги этностордун кыргыз жараны иденттүүлүгүнүн маани-маңызын ачып берүү үчүн ошондой эле кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн мындан ары иликтөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык мааниге ээ болуп, аны теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси** изилдөөдөн алынган натыйжалары жарандык иденттикти өнүктүрүүнүн заманбап тенденцияларын эске алуу менен этностордо кыргыз жараны иденттигин өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Бул сунуштар жалпы жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүүнүн мамлекеттик, аймактык жана жергиликтүү иш-чараларын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Жарандык иденттешүүнүн жүрүшүн аныкталган мыйзам ченемдүүлүктөрү жана тенденциялары келечек муунда мекенчилдик баалуулуктарын, салттарын тарбиялоо боюнча мамлекеттик бийлик менен түрдүү коомчулуктардын, ыктыярдуу, коммерциялык эмес уюмдардын, башка жарандык кыймылдар, демилгечил топтордун ортосунда карым-катнашты орнотууга көмөктөшөт. Алынган тыянактарды социалдык жана гуманитардык циклдеги сабактарды окутууда да колдонууга болот.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине туура келет. Авторефератта мазмуну дал келген кыргыз, орус тилдериндеги резюмеси бар.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:** Изденүүчү Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги:

социологиялык өңүттө» деген темадагы диссертациялык ишинде алдыда эске ала турган айрым мүчүлүштүктөрдү белгилеп коюуга болот.

1.Диссертациялык иштин теориялык бөлүгүндө негизги текстик сүйлөмдөр орус тилиндеги адабияттардан которулгандыгына байланыштуу айрым жерлеринде которулган ой-пикирлер сүйлөмдөрдүн так маанисин билдире албай калган учурлары бар.

2.Диссертациялык иш социология илимине арналгандыктан диссертант тарабынан жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөнүн натыйжалары башка илимдердеги изилденген иденттүүлүктүн абалдары боюнча башкача айтканда социалдык, саясий, экономикалык, маданий жана психологиялык факторлордун иденттүүлүккө тийгизген таасирлерин салыштыруулар аркылуу талдоо жүргүзүп койгондо диссертациялык иш мындан да салмактуураак болуп калат эле.

3.Диссертациялык иштин жүрүшүндө социалдык, жарандык жана социомаданий иденттешүү маселелеринин талданып каралышында инсандын социалдык иденттешүүсү жана социалдык иденттүүлүгү, ошондой эле жарандык иденттүүлүк жана аны изилдөө мүмкүнчүлүктөрү кенен талдоого алынып бирок инсандын социомаданий иденттүүлүгүндө адам социомаданий мейкиндикти өздөштүрүү аркылуу өзүн курчап турган дүйнөнү таанып биле тургандыгыгын дагы да терең талдап бергенде диссертациялык иш мындан да салмактуураак болуп калат эле.

**7. Сунуштар:**

1. Азыркы кыргыз коомунда, муундар ортосундагы иденттүүлүктүн ортосундагы түзүлгөн айырмачылыктарды салыштырып дагы да кенениреек, тереңиреек илимий негизде анализдеп берсе дагы да жакшы болот эле.

2.Диссертациялык иштин натыйжаларын чагылдырууда азыркы кыргыз коомунда улуттук иденттүүлүктүн пайдубалын канткенде тереңиреек жана кененриеек түзө ала тургандыгыбызга дагы да көңүл бурса

3. Диссертациялык иштин жүрүшүндө азыркы кыргыз коомунда жалпы жарандык иденттүүлүктүн деңгээлин жогорулатууда мамлекеттик саясаттын жигердүү жүргүзүлүшүн колго алуу керек экендиги эске алынса.

**8.Сунуштамалар:**

1. Бүгүнкү кыргыз коомунда жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда жалпы элдин каада-салтына, үрп-адатына, тарых, маданиятына таянып, бүгүнкү күндүн талабына ылайык жаңыча илимий көз караштa түшүндүрүлүүсү зарыл.

2. Бүгүнкү күндөгү кыргыз коомундагы улуттук иденттүүлүктү өркүндөтүү үчүн жалпы мамлекеттик мекемелер жана коомдук уюмдар менен биргеликте иш алып баруу керек

3. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын шартында жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда салттык үй-бүлөлүк мамилелерге таянуу менен бирге улуттук иденттүүлүктү сактоо зарыл.

4.Бүгүнкү кыргыз коомундагы жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда өзгөчө жаштар арасында салттык коомдогу социалдык иштердин түрлөрүн (ашар, журтчулук, коңшулук, ынтымак, жардам ж.б.) өркүндөтүү жана жайылтуу зарыл.

**9.Корутунду:**

Изденүүчү Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» деген темадагы диссертациялык ишинде кыргыз мамлекетин курууга, этностор аралык ынтымакты чыңдоого өбөлгө болуучу жарандык идентүүлүктүн маани-маңызын, абалын Кыргызстандагы негизги этностук топтордун мисалында илимий талдоо жана этностук айырмачылыктарын, алардын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоого байланышкан социология илиминин адабияттары талданып, аларды түшүнүүдөгү негизги теориялык-методологиялык парадигмалар жана концепциялар ачылып берилген.

Изденүүчү Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын бул диссертациялык ишинде Кыргызстанда социология илиминде алгачкы жолу жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызы социологиялык өңүттө изилденип, социалдык билимдердин алкагындагы иденттүүлүккө жана иденттешүүгө болгон теориялык көз караштар талданып, системалаштырылган. Жарандык иденттүүлүктүн пайда болуу, өнүгүү багыттары жана адамдагы инсандык, социалдык, жарандык иденттиктер жаңы көз караште каралып, кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн аныктаган компоненттер (тили, маданияты, мекенчилдик салттары) боюнча социологиялык талдоо жүргүзүлгөн. Кыргыз жараны иденттүүлүгүнүн коомдун трансформация шартындагы өзгөрүү тенденциялары, себептери жана натыйжалары аныкталып, ааламдашуу шартында кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүнүн мамлекеттүүлүктү бекемдөөдөгү, калктын биримдигин камсыздоодогу орду жана Кыргызстандын келечеги үчүн маанилүүлүгү жана зарылдыгы кеңири талдоого алынган.

Диссертациялык изилдөөлөрдүн натыйжалары жарандык иденттикти өнүктүрүүнүн заманбап тенденцияларын эске алуу менен этностордо кыргыз жараны иденттигин өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Жарандык иденттешүүнүн жүрүшүн аныкталган мыйзам ченемдүүлүктөрү жана тенденциялары келечек муунда мекенчилдик баалуулуктарын, салттарын тарбиялоо боюнча мамлекеттик бийлик менен түрдүү коомчулуктардын, ыктыярдуу, коммерциялык эмес уюмдардын, башка жарандык кыймылдар, демилгечил топтордун ортосунда карым-катнашты орнотууга көмөктөшөт.

Мына ушул натыйжаларды эске алганда Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги социологиялык өңүттө» деген темадагы диссертациялык иши көрсөтүлгөн кандидаттык диссертациялык талаптарга толук жооп берет. Демек,

социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине 22.00.04-социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын кабыл алууга болот.

**10.Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып,** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, А Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык—саясий изилдөө институту жана Ж Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине изденүүчү Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө»деген темадагы 22.00.04-социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү**:
социология илимдеринин доктору, доцент **Мендибаев Н.**

Н.Меңдибаевдин кол тамгасын тастыктаймын:
Д 23.20.611 Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
саясат таануу илимдеринин доктору **Ч. Ш. Абдыраманова**
"23" 12 2021-ж.

Ж.И.У профессору,
социология илимдеринин доктору
Н Мендибаевдин колун тастыктаймын:
Ж.И.У. проректору: А.Матраимов.

2

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 23.20.611 диссертациялык кеңештин эксперти *саясий илимдеринин доктору,профессор Ж.Ж.Жоробековдун* 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген *Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын "Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги:социологиялык өңүттө"* деген темадагы диссертациясына**

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү *Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын "Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги:социологиялык өңүттө"* деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Диссертациялык иште Жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызы: негизги этностордун мисалында аныктоого багытталган. Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында социологиялык анализ жүргүзүлүп, 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна, социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинин талабына жана профилдик багытына туура келет.

**2. Иштин максаты.**

Туруктуу кыргыз мамлекетин куруууга, этностор аралык ынтымакты чыңдоого өбөлгө болуучу жарандык идентүүлүктүн маани-маңызын, абалын Кыргызстандагы негизги этностук топтордун мисалында илимий талдоо жана этностук айырмачылыктарын, алардын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо болуп саналат.

**Ал максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй милдеттер белгиленген:**

1. иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрүн социалдык билимдердин алкагында каралышын талдоо;
2. жарандык иденттүүлүк маселеси, анын теориялык негиздери чет элдик жана кыргызстандык адабияттардын алкагында карап чыгуу жана талдоо;
3. азаттык мезгилинде коомдогу жарандык иденттүүлүктүн маанилүү компоненттерин, алардын калыптанышын жана абалын иликтөө;
4. ааламдашуу шартында коомдогу кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүндөгү этностук өңүттөрүн талдоо;
5. кыргыз коомундагы жарандык иденттүүлүктүн абалынын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо;
6. Кыргыз жараны иденттүүлүгүн калыптандырууга багытталган теориялык жана практикалык корутундуларды, сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен**

"Центр политологических исследований и экспертиз" Национальной академии наук Кыргызской Республики
Вх.Исх./№ 01-02/160
«24» 12 2021 ж. г.
ИНН 02301202010261

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А.АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № ДИ-130-20
«23» 12 2021 ж

**байланышы.** Диссертациялык иш автордун демилгелик изилдөө иши. Бирок, автор бир катар изилдөө проекттердин чегинде социологиялык иликтөөлөргө катышкан. Атап айтсак, КРнын БжИМ Илим департаментинин грантык каржылоосу менен жүргүзүлгөн: 1) «Цивилизация процессинде түрк дүйнөсүндөгү калктардын социалдык иденттүүлүгү: Кыргызстандын мисалында» аттуу долбоордун негизиндеги социологиялык изилдөө, жалпы Кыргызстан боюнча 2012-2013-жылдары жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөр; 2) "Кыргыз Республикасындагы жалпы жарандык иденттүүлүк маселелери" 2014-2015-жылдары; 3) Диссертациянын темасы боюнча автордун жүргүзгөн социологиялык изилдөөсү "Жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызы: негизги этностордун мисалында", 2016-жыл.

**Диссертациялык теманын актуалдуулугу.** Иденттүүлүктүн деңгээли Кыргызстан сыяктуу полиэтникалык мамлекет үчүн өлкө биримдигин, мамлекеттүүлүктү сактоо маселеси менен тыгыз байланыштуу. Кыргызстандын тургундарынын жарандык иденттүүлүк түшүнүгү, иденттешүүсү эски советтик иденттүүлүктөн өзгөрүп, жаңыдан "Кыргыз жараны" иденттүүлүгүнүн калыптанышы; ага таасир кылган факторлор жана шарттар, азыркы калыптанган ортолуктагы иденттүүлүк натыйжалары илимий негизде талданып, изилдениш керек. Жарандык иденттүүлүктүн көрсөткүчтөрү катары мекенчилдиктин, мамлекеттик тилдин, диндин ж.б. бүгүнкү күндөгү биздин коомубуздагы абалын аныктоо чоң мааниге ээ. Ааламдашуу шартында бүтүндөй адамзат коому социалдык, саясий, экономикалык, маданий жактан зор өзгөрүүлөргө дуушар болуп, иденттүүлүк маселесин кайрадан карап, аны теориялык жана эмпирикалык жактан изилдөөнүн актуалдуулугу дагы жогорулады.

Кыргыз коомунун жарандык иденттүүлүк маселеси, анын калыптанышы, абалы жана келечеги этностук кесилиште алгачкы ирет комплекстүү каралып, терең изилденип жатышы, ошондой эле коомдогу мекенчилдик, улуттук, жарандык, тилдик ж.б. иденттүүлүк маселелеринин чечмелениши диссертациялык теманын **актуалдуулугун** көрсөтөт

**3. Илимий натыйжалар.**

Диссертациянын изилдөө ишинин жыйынтыгы коргоого алып чыгып жаткан жоболор менен автор эл аралык жана республикалык деңгээлде социологиялык жактан изилденди.

**3.1. Алынган натыйжалардын азыркы илим чегинде илимий жаңылыгы.**

Кыргызстанда жашаган негизги этностордун **кыргыз жараны** иденттүүлүгүнүн маани-маңызы, анын этностук, социалдык-демографиялык топтордогу айырмачылыктары, өзгөрүү тенденциялары, себептери, натыйжалары, ошондой эле кыргызстандыктардын мекенге, мекенчилдикке болгон көз карашынын багыты диссертацияда биринчи жолу изилденген.

Диссертацияда жарандык иденттүүлүктүн пайда болуу жана өнүгүү багыттары изилденип, кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн аныктаган компоненттер боюнча, тактап айтканда, тили, маданияты, мекенчилдик салттары боюнча социологиялык талдоо жүргүзүлгөн.

Ааламдашуу шартында кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн көрсөткөн факторлор, алардын мамлекеттүүлүктү бекемдөө, калктын биримдигин камсыздоо жана Кыргызстандын келечеги үчүн маанилүүлүгү жана керектүүлүгү кеңири изилдөөгө алынган.

**3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө, материалды жыйноо, ыкмаларды жана илимий жыйынтыктарды аргументтөө.**

Диссертациянын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктары менен корутундулаган актуалдуу илимий изилдөө иш болуп саналат. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар ишенимдүү, айкын жана жарандык иденттүүлүк маселесин мындан ары иликтөө үчүн маанилүү концептуалдык–методологиялык мааниге ээ болуп, аны теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт. Ошондой эле, жарандык иденттүүлүктүн өзгөрүү мазмуну, калыптары, социомаданий негиздери жана этностук айырмачылыктары жөнүндөгү социологиялык билимдердин тереңдешин камсыз кылат. Автор изилдөө ишинин максатына жетүү үчүн келип чыккан милдеттердин натыйжаларында алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу ырастаган. Алар репрезентативдүү тандап алууга негизделип, эмпирикалык социологиялык изилдөөлөрдүн бүт процедураларын сактоо менен жүргүзүлгөндүктөн илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгү толук камсыз болгон.

Жыйынтыктарын, илимий жоболорун аргументтөө үчүн автор социология илиминин азыркы парадигмаларын жана усулдарын колдонгон, бул ишенимдүү натыйжаларды алууга мүмкүндүк берген.

**3.3. Иштин теориялык мааниси (жаңы теория же колдонуудагы илимий теорияны же концепцияны байытуу).**

1. Диссертациялык изилдөөдө алынган натыйжалар инсан социологиясы, маданият социологиясы, сапясат социологиясы жана күнүмдүк турмуш социологиясы жаатындагы теориялык билимдерин жогорулатууга багытталган.

2. Заманбап кыргыз коомундагы жарандык иденттиктин өнүгүшүнө таасир этүүчү факторлордун системалаштырылышы иденттешүүнү социалдык процесс катары жана коомдогу жарандык иденттүүлүктү мамлекеттик биримдикти жана туруктуулукту калыптандыруунун маанилүү багыттарынын бири катары изилдөөгө жаңы салым кошот.

3. Жарандык иденттикти ааламдашуу шарттарын, заманбап тенденцияларды, этностук өзгөчөлүктөрдү эске алуу изилдөө жарандык иденттүүлүк концепциясын жаңы теориялык көз карашын өркүндөтүүгө жана аны андан ары изилдөө үчүн жаңыланган методологиялык негизди иштеп чыгууга өбөлгө түзөт

4. Иштелип чыккан автордук изилдөө инструментарийи (изилдөө программасы, анкета, эксперттер үчүн анкета) өлкөдөгү жарандык иденттүүлүктүн өнүгүшүнө мониторинг жүргүзүүгө программаларды иштеп чыгууга негиз боло алат.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши. берилген** Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын “Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги:социологиялык өңүттө” деген темадагы диссертациясы 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча даярдалган, комплекстүү социологиялык изилдөөгө алынган эмгек болуп саналат.

Диссертациялык иштин мазмуну боюнча талапкердин 12 макаласында жарыяланган жана анын ичинен 4 чет өлкөлүк РИНЦке кирген илимий конференцияларда баяндалып журналдарда чагылдырылган. Жарыяланган эмгектер КР ЖАК сунуштаган талаптарга толук жооп берет.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын социология илимине белгилүү деңгээлде салым кошо алат. Диссертациялык изилдөөлөрдүн натыйжалары жарандык иденттикти өнүктүрүүнүн заманбап тенденцияларын эске алуу менен этностордо кыргыз жараны иденттигин өркүндөтүү боюнча сунуштар социология жана башка коомдук илимдер үчүн теориялык мааниге ээ болот. Практикалык сунуштар жалпы жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүүнүн мамлекеттик, аймактык жана жергиликтүү иш-чараларын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Жарандык иденттешүүнүн жүрүшүн аныкталган мыйзам ченемдүүлүктөрү жана тенденциялары келечек муунда мекенчилдик баалуулуктарын, салттарын тарбиялоо боюнча мамлекеттик бийлик менен түрдүү коомчулуктардын, ыктыярдуу, коммерциялык эмес уюмдардын, башка жарандык кыймылдар, демилгечил топтордун ортосунда карым-катнашты орнотууга көмөктөшөт. Алынган тыянактарды социалдык жана гуманитардык циклдеги сабактарды окутууда да колдонууга болот.

**5. Авторефераттын, диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автор тарабынан мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдалган авторефераттар диссертациянын мазмунунда толугу менен чагылдырылган. Авторефераттар диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келип, кыргыз, орус жана англис тилинде түзүлгөн маани-мазмуну жагынан дал келген резюмелер менен жабдылган.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр.**

1. Диссертациялык изилдөөнүн предмети болгон жарандык иденттүүлүк дүйнөлүк практикада каралышы кенен талданып, Кыргызстандагы изилдениши үстүрттөн берилип калган.

2. Диссертациялык иште иденттүүлүктүн коомдогу эң негизги калыптарынын бири болгон маданий иденттүүлүк жеткиликтүү берилген эмес.

3. Кыргызстанда жашаган этностордун динамикасын чагылдыруу максатында статистикалык маалыматтарды 2009-жылдагы Эл каттоонун маалыматтар менен чектелип калбастан, кийинки жылдардагы маалыматтар менен толуктап көрсөтүү керек.

4. Диссертациялык иштти жазууда грамматикалык жана техникалык каталарга жол берилген.

5. Колдонулган адабияттардын тизмесин стандартка ылайык келтирүү керек.

**7. Сунуштар.**

1. Социологиялык изилдөөнүн жыйынтыгында иштелип чыккан концепцияга жарандык иденттүүлүктүн этностук өзгөчөлүктөрүнө жана айырмачылыктарына карай өзгөртүүлөрдү киргизүү.

2. Кыргызстандагы жарандык иденттүүлүктүн улуттук баалуулуктарды изилдөөдөгү жана мамлекеттеги бирмдикти, туруктуулукту сактоодогу ордун кененирээк ачып көрсөтүү зарыл.

3. Социологиялык изилдөөгө алынган иденттүүлүктүн түрдүү компонеттеринин коомдогу жарандык иденттикти калыптандыруудагы ордун этностук өзгөчөлүктөрүнө карай аныктап жыйынтык чыгуу керек.

4. Диссертациялык иштти жазуудагы грамматикалык жана техникалык каталарды оңдоп чыгуу зарыл.

5. Колдонулган адабияттарды атайын стандарттарга негиздеп тизмелеп чыгуу керек.

**8. Сунуштамалар.**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы **С. М.** Камчибекова "Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги:социологиялык өңүттө" 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясын коргоого сунушталат.

**9. КОРУТУНДУ**

Жогорудагы аталган мүчүлүштүктөр автордун диссертациялык изилдөөсүнүн илимий-теориялык жана практикалык деңгээлин түшүрбөйт. Изденүүчү **С.М.**Камчибекова "Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги:социологиялык өңүттө"аттуу темадагы 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган иштти толук, логикалуу жана жыйынтыктуу жазылган илимий эмгек деп саноого болот.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы Философия жана саясий укуктук изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдында уюштурулган саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 Диссертациялык кеңешине 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин

кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган изденүүчү **С. М.** Камчибекова "Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги:социологиялык өңүттө"деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
Саясий илимдеринин доктору,
профессор **Ж. Ж. Жоробеков.** ________________ ________________

***А. Б. Абдрашевдин кол тамгасын тастыктаймын:***
Д 23.20.611 Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
саясий илимдеринин доктору **Ч. Ш. Абдыраманова**
"23" 12 2021-ж.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.20.611 диссертациялык кеңештин Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын “Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине**

## КОРУТУНДУ

Комиссиянын төрө айымы, социология илимдеринин доктору, профессор Р.Б. Салморбекованын изденүүчү Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын “Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин (илимий жетекчиси: философия илимдеринин доктору, профессор Исаев К.) карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

**1. Диссертациялык Кеңештин коргоо боюнча укук берилген адистигине иштин туура келиши**.

Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын “Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» деген темадагы кандидаттык диссертациясы Д.23.20.611 Диссертациялык Кеңешинин профилине толук тура келет. Иште Кыргызстандагы түрдүү этностук топтордогу жалпы жарандык иденттүүлүгүнүн абалы изилденген иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**2. Иштин максаты** туруктуу кыргыз мамлекетин курууга, этностор аралык ынтымакты чыңдоого өбөлгө болуучу жарандык идентүүлүктүн маани-маңызын, абалын Кыргызстандагы негизги этностук топтордун мисалында илимий талдоо жана этностук айырмачылыктарын, алардын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо болуп саналат.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрүн социалдык билимдердин алкагында каралышын талдоо;

2. жарандык иденттүүлүк маселеси, анын теориялык негиздери чет элдик жана кыргызстандык адабияттардын алкагында карап чыгуу жана талдоо;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № DR-132-20
«23» 12 2022 ж

3. азаттык мезгилинде коомдогу жарандык иденттүүлүктүн маанилүү компоненттерин, алардын калыптанышын жана абалын иликтөө;

4. ааламдашуу шартында коомдогу кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүндөгү этностук өңүттөрүн талдоо;

5. кыргыз коомундагы жарандык иденттүүлүктүн абалынын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо;

6. Кыргыз жараны иденттүүлүгүн калыптандырууга багытталган теориялык жана практикалык корутундуларды, сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси:** жалпы жарандык иденттүүлүк.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргызстандагы түрдүү этностук топтордогу жалпы жарандык иденттүүлүгүнүн абалы.

Автор бир катар изилдөө проекттердин чегинде социологиялык иликтөөлөргө катышкан. Атап айтсак, КРнын БжИМ ИжИТС башкармалыгынын грантык каржылоосу менен жүргүзүлгөн: 1) «Цивилизация шартында түрк дүйнөсүндөгү калктардын социалдык иденттүүлүгү: Кыргызстандын мисалында» аттуу долбоордун негизинде 2012-2013-жылдары жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөр; 2) “Кыргыз Республикасындагы жалпы жарандык иденттүүлүк маселелери” 2014-2015-жылдары; автор алган тажырыйбасын колдонуу менен 2016-жылы диссертациянын темасы боюнча өзү жүргүзгөн 3) “Жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызы: негизги этностордун мисалында” деген темада Кыргызстандын түштүк аймагы боюнча социологиялык массалык сурамжылоо. Бул изилдөөдө жалпысынан 18 жаштан жогорку шаар жана айыл тургундарынан 1200 респондент (эркектер – 45,5%, аялдар - 54,5% түзгөн) суралган [37]. Сурамжылоодон топтолгон материалдар атайын статистикалык программанын жардамы менен кайрадан иштетилип, андан алынган алгачкы сандык маалыматтар эмпирикалык, теориялык деңгээлдерде талданды. Кыргызстандагы жалпы жарандык иденттүүлүк боюнча этностор аралык теориялык маалыматтарды жыйнап, аларды талдап чыгып, диссертант өзүнүн илимий-практикалык сунуштарын берген.

Бул иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

Сунушталган диссертациянын темасы актуалдуу илимий проблемага багышталып, негиздүү тандалган.

Өлкөлөрдүн тагдыры анын жарандары канчалык деңгээлде өзүн ошол мекенине таандыктыгын сезишине, башкача айтканда, мамлекеттик-жарандык иденттүлүгүнүн даражасына байланыштуу экендигин дүйнөлүк тажрыйба көрсөтүүдө. Бүгүн Евразия континентинде жүрүп жаткан “цивилизациялардын кагылышы” (С.Хантингтон), ошондой эле дүйнөнү кучагына алган ааламдашуу жарандык бүтүндүгү солгун мамлекеттерди оор кризиске кириптер кылууда. Буга азыркы Украинада орун алган сепаратистисттик кыймыл жана унитардык мамлекетти кайра калыбына келтирүү максатында жүрүп жарандык согуш таасын мисал боло алат. Андыктан, Кыргызстанда “улут-мамлекет”, “мамлекет-жаран” жана, айрыкча, “жалпы жарандык иденттүүлүк” түшүнүктөрү мекенибиздин бүтүндүгү жана

келечеги, коомдун саясий, экономикалык жана социалдык бакубаттыгы үчүн кечиктирилбестен күн тартибине коюлушу зарыл. Булардын фундаменталдуу терең илимий изилдөөгө алынышы, иштиктүү сунуштарга негизделген саясий чаралардын көрүлүшү, демек бардык этностор үчүн Кыргызстан алардын бирдиктүү мекени түшүнүгүн калыптандыруу биздин замандын эң приоритеттүү милдеттеринин бири. Мамлекеттик деңгээлде көңүл бурулбай келгендиги жана келип чыккан маселелерди чечүү зарылдыгы теманын **актуалдуулугун** көрсөтөт.

**3. Илимий натыйжалар.**

Саипжамал Молдошовнанын ишинде коомдогу келечекке түрткү берген жана өнүгүшүнүн негизги багыттарын, келечегин изилдөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык илимий негиздеги төмөнкү натыйжалар келтирилген.

**Натыйжа 1.** Социалдык билимдердин алкагындагы иденттүүлүккө жана иденттешүүгө болгон теориялык көз караштар талданып, системалаштырылган;

**Натыйжа 2.** жарандык иденттүүлүктүн пайда болуу, өнүгүү багыттары жана адамдагы инсандык, социалдык, жарандык иденттиктер жаңы көз караште каралган;

**Натыйжа 3.** кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн аныктаган компоненттер (тили, маданияты, мекенчилдик салттары) боюнча социологиялык талдоо жүргүзүлдү заманбап аймактык социумда музейди өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү жана факторлору аныкталып, жаңы көз караште системалаштырылган;

**Натыйжа 4.** республикада жашаган негизги этностордун "Кыргыз жараны" иденттүүлүгүнүн маани-маңызы, анын этностук, социалдык-демографиялык топтордогу айырмачылыктары социологиялык жактан изилденген;

**Натыйжа 5.** кыргыз жараны иденттүүлүгүнүн коомдун трансформация шартындагы өзгөрүү тенденциялары, себептери жана натыйжалары аныкталган.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)**

диссертациялык изилдөөлөрдүн натыйжалары жарандык иденттикти өнүктүрүүнүн заманбап тенденцияларын эске алуу менен этностордо кыргыз жараны иденттигин өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Бул сунуштар жалпы жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүүнүн мамлекеттик, аймактык жана жергиликтүү иш-чараларын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Жарандык иденттешүүнүн жүрүшүн аныкталган мыйзам ченемдүүлүктөрү жана тенденциялары келечек муунда мекенчилдик баалуулуктарын, салттарын тарбиялоо боюнча мамлекеттик бийлик менен түрдүү коомчулуктардын, ыктыярдуу, коммерциялык эмес уюмдардын, башка жарандык кыймылдар, демилгечил топтордун ортосунда

карым-катнашты орнотууга көмөктөшөт. Алынган тыянактарды социалдык жана гуманитардык циклдеги сабактарды окутууда да колдонууга болот.

Диссертациянын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктар менен корутундулаган актуалдуу илимий изилдөө иш болуп саналат. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар ишенимдүү, даана жана социалдык институт проблематикасын мындан ары иликтөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык мааниге ээ болуп, аны теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт. Ошондой эле, социалдык түзүлүштүн өзгөрүү мазмуну, социалдык-экономикалык негиздери жөнүндөгү социологиялык билимдердин тереңдешин камсыз кылат.

Жыйынтыктардын, илимий жоболордун негиздөө үчүн автор социология илиминин азыркы парадигмаларын жана усулдарын колдонгон, бул ишенимдүү, айкын натыйжаларды алууга мүмкүндүк берген.

**Дисертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана шилтемелерде колдонулду:**

1. Камчибекова С.М. Гражданская идентичность в Кыргызстане: некоторые этнические особенности [Текст] / С. М. Камчибекова, // Социальные практики и управление: Материалы Сибирского социологического форума с международным участием. Ответственные редакторы: Ровбель С.В., Ильиных С.А. – Новосибирск, 2017. С. 40-47
2. Камчибекова С.М. Жарандык иденттүүлүк жана мекенчилдик – мамлекеттик –туруктуулуктун негизи [Текст] / С. М. Камчибекова // Известия вузов Кыргызстана №3. - Бишкек, 2020. - Стр. 7
3. Камчибекова С.М. Кыргызстандагы мамлекеттик тил жана иденттүүлүк маселелери [Текст] / С. М. Камчибекова, Исаев К.// Известия вузов Кыргызстана №6. - Бишкек, 2020. - С. 8
4. Камчибекова С.М. Гражданская идентичность населения Кыргызстана в этническом аспекте [Текст] / С. М. Камчибекова //Бюллетень науки и практики №7. –2021.
5. Камчибекова С.М. Отношение этнических групп Кыргызстана к общенациональной идентичности «Кыргыз жараны» [Текст] /С.М. Камчибекова // Бюллетень науки и практики №7 – 2021.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толук бойдон диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине туура келет. Авторефератта мазмуну дал келген кыргыз, орус тилдериндеги резюмеси бар.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Диссертациялык иш кыргыз тилинде жазылгандыктан жана темага байланыштуу айрым илимий терминдер ар кандай берилип калган. Бирок бул

терминдер бүгүнкү күнгө чйин илимий бир нускага түшө электигин эске алуу менен иштин жалпы мазмунуна таасирин тийгизбейт.

2. Диссертациалык иште келтирилген практикалык сунуштарды кайрадан карап чугуу зарыл,себеби 1 - пункттагы сүйлөм аягына чыкпай калган.Бирок,бул диссертация менен баардык илимий тармакты изилдөө мүмкүн эмес,ошол себептен келечекте эске алынат деген ойдобуз.

3.Сунушталган диссертацияныны мазмунундагы статистикалык маалыматтарды жаңылоо зарыл,себеби илимде акыркы 5 жылдык маалыматтар колдонулушу тийиш.

**Сунуштар:**

Диссертациялык кеңештин комиссиясы С.М. Камчибекованын кандидаттык диссертациясы боюнча жетектөөчү мекеме жана расмий опоненттер тууралуу төмөнкүлөрдү бекитүүнү сунуштайт:

- **жетектөөчү мекеме катарында** Муса Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин “коомдук илимдер”кафедрасы сунушталат,анда тиешелүү адистер иштейт;

- **биринчи расмий опонент** социология илимдеринин доктору,профессор Омуралиев Нурбек Ашимканович(автореферат боюнча адистиги-22.00.04.),изилденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

**1**. Омуралиев Н.А. Проблемы формирование общегражданского единства Кыргызской Республики// Всборнике: Евразия и глобальные социалиальные экономические изминение .VII Международные конгресс социологов тюркского мира:сборник научных трудов. Казань,2020.С.108-113.

**2**.Омуралиев Н.А. Социокультурные факторы в формирование общегражданской идентичности в Кыргызской Республики //Социологии и общество: традиции и инновации в социальном развитии регионов.Сборник докладов VI Всероссийского социологического конгресса. Отв.редактор В.А.Мансуров.2020.С.3661-3667.

**3**.Омуралиев Н.А. Проблемы межэтнической интеграции в Кыргызской Республики // Социальные практики и управление: проблемное поле социологии. Материалы II Сибирского социологического форума с международным участием. Ответственные редакторы: С.В. Ровбель, С.А.Ильиных. 2019. С. 247-251.

- **экинчи расмий опонент** социология илимдеринин кандидаты, Мусаева А.К. (автореферат боюнча адистиги-22.00.04)изденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

**1**.Мусаева А.К. Social Qualimetry of Public Services Standardization in the Kergyz Repablic // Advances in Applied Sociology Vol.10 No.9, September 15, 2020. P. 348 -355.

2. Мусаева А.К. Qualimetric Assessment of the Public Services Efficiency

Provision in the Kyrgyz Republic. // Open Journal of Political Science, // Volume 11, Number 1, January 2021. P. 123-133.

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин “коомдук илимдер” кафедрасынын отурумунда диссертациялык кеңешке сунушталган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.20.611 Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, изденүүчү **Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын “Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө»** темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуштайм.

**Комиссиянын мүчөсү**:
**социология илимдеринин доктору,**
**профессор** **Салморбекова Р.Б.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ БИШКЕК ш. КООМДУК БИРИКМЕ «СОЦАНТРО» КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА г. БИШКЕК ОБЩЕСТВЕННОЕ ОБЪЕДИНЕНИЕ ИНН 02602201310070

*Комиссия мүчөсүнүн кол тамгасын тастыктаймын.*

«____» __________ 20__

**Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинин**
**Окумуштуу катчысы,**
**Саясат таануу илимдеринин доктору,**
**доцент** **Абдраманова Ч.Ш.**

«28» 12 2022-ж.